# 2018 - 2019-жылдарда Кара-Балта шаарынын бюджетинде 19012 миң сом өлчөмүндө финансылык бузуулар аныкталды

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшү тарабынан,Кыргыз республикасынын Эсептөө палатасынын 2019-жылга аудитордук иш планына ылайык, 2018 жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы Кара-Балта шаарынын мэриясынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына, Кара-Балта шаарынын мэриясынын жана анын тузумдук бөлүнүштөрүнүн бюджеттеринин аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине аудиттер жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудиттерде баардыгы болуп **19 012,4 миң сом** суммасында финансылык бузуулар аныкталды. Жетпей калуулар жана уурдоолор 3,2 мин сом өлчөмүндө белгиленди. Эң ири көлөмдөгүсү, каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар – 19 009,2 миң сомду түздү, алардын ичинен: эмгек акыны негизсиз төлөп берүүлөр– 18 674,4 миң сом; эсеп берме суммаларды кошкондо, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу - 3,4 миң сом; курулуш-куроо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы – 151,2 миң сом; мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 160,2 миң сом; эсеп боюнча жашырылган дебитордук жана жогрулатылган кредитордук карыз – 20,0 миң сом;

Аныкталган бюджеттин резервтери жана жоготуулары **4 859,4 миң сом,** алардын ичинен: товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдары – 581,5 миң сом; эмгек акыны толоодогу бузуулар – 817,0 миң сом; салык, бажы жана башка төлөмдөр боюнча бюджеттин жоготуулары – 464,9 миң сом; бюджеттин башка резервтери жана жоготуулары -2 996,0 миң сом.

Аныкталган бюджеттин рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттары – **2 452,0 миң сом**ду түздү. Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган финансылык бузуулар – **3 835,6 миң сом.**

Аудиттердин материалдары 2020-жылдын 11-сентябрында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн отурумунда Кара–Балта шаарынын мэриясынын жана айрым түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн жетекчиликтерин чакыруу менен каралып, маалыматтар жана жазма буйрук тиешелүү мекемелерге жиберилди.